**БЕКИТИЛДИ**
СГД кафедрасынын башчысы
ф.и.д., доцент С.М.Амиралиев
________________
2025-жылдын 14.10 № 3 протоколу

# «Кыргыз тилинде сүйлөшүү» клубу (медициналык практика үчүн).

# «Kyrgyz Speaking Club (Medical Practice)»

## АННОТАЦИЯ

**«Кыргыз тилинде сүйлөшүү» клубу (медициналык практика үчүн)** — бул кыргыз тилин чет тили катары өздөштүрүп жаткан медициналык факультеттердин чет өлкөлүк студенттери үчүн уюштурулган, кесиптик-коммуникативдик багыттагы клуб.

Программа кыргыз тилин А1 деңгээлинде үйрөнүп жаткан студенттерге арналган жана клиникалык шартта дарыгер менен бейтаптын ортосунда натыйжалуу кесиптик баарлашууну камсыз кылуучу туруктуу сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

## Сүйлөшүү клубунун актуалдуулугу

**«Кыргыз тилинде сүйлөшүү» клубу (медициналык практика үчүн)** медициналык факультеттин чет өлкөлүк студенттерине окуу жана клиникалык практика шарттарында уюштурулган жана кыргыз тилинде оозеки профессионалдык коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

Клубдун ишмердүүлүгү студенттерде дарыгер катары коммуникативдик компетенцияны калыптандырууга багытталган, бул компетенция бейтаптар, медициналык персонал жана окутуучулар менен эффективдүү өз ара аракеттешүү үчүн зарыл.

## Негизги максаты

Чет өлкөлүк медицина студенттеринде клиникалык кырдаалдарда кыргыз тилинде так, түшүнүктүү жана этикалык жактан туура кесиптик коммуникация жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**Клубдун мазмуну дарыгер менен бейтаптын медициналык өз ара баарлашуу чөйрөсүн толук камтуудан турат:**

- алгачкы кабыл алуу жана бейтаптын даттануулары;
- өмүр таржымалы жана оорунун анамнезин чогултуу;
- объективдүү кароо (дарыгердин оозеки буйруктары жана абалды сүрөттөө);
- лабораториялык жана инструменталдык диагностика;

Сканировано с CamScanner

- текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын түшүндүрүү;
- шашылыш абалдар жана биринчи жардам көрсөтүүдө баарлашуу;
- өнөкөт оорулар (кант диабети, гипертония, астма ж.б.);
- диагнозду түшүндүрүү, дарылоо сунуштары жана стационардан чыгаруу.

Программа практикалык багытта түзүлгөн: ар бир сабакта медициналык лексика, ролдук диалогдор, клиникалык мини-кейстер, дарыгердин суроолоруна жооп берүү машыгуулары жана реалдуу бейтапты кабыл алуу процессин моделдеген сүйлөө тапшырмалары колдонулат.

Клубда тилдик компетенция менен катар **кесиптик сапаттар** да калыптандырылат: сүйлөөнүн тактыгы, медициналык этика, дарыгердин сүйлөөсүнүн структуралуулугу, бейтапка боорукер мамиле жана маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу.

## Клубдун милдеттери:

**Билим берүүчү милдеттери:**

- медициналык негизги жана кеңейген сөздөрдү калыптандыруу;
- «дарыгер – бейтап» диалогунун типтик моделдерин үйрөтүү;
- медициналык практикалык сүйлөөдө колдонулган сөз айкаштарын бекемдөө;
- профессионалдык сүйлөөгө тиешелүү грамматикалык конструкцияларды бекемдөө.

**Практикалык милдеттери:**

- анамнез чогултуу көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- диагнозду жана дарылоо планын жеткиликтүү кыргыз тилинде түшүндүрүүнү үйрөтүү;
- бейтапка көрсөтмө берүү көндүмүн калыптандыруу;
- кадимки жана кырсык учурларындагы клиникалык кырдаалдарда сүйлөө иш-аракеттерин практикадан өткөрүү.

**Тарбиялык милдеттери:**

- профессионалдык байланыш маданиятын калыптандыруу;
- бейтапка урмат жана этикалык мамилени өстүрүү;
- жоопкерчилик жана кесиптик коммуникацияда ишенимдүүлүктү өнүктүрүү.

## Күтүлүүчү натыйжалар:

Клубдун курстук программасын аяктагандан кийин чет өлкөлүк студенттер төмөнкү натыйжыларга жетишет:

**Коммуникативдик натыйжылар:**

- типтүү клиникалык кырдаалдарда «дарыгер–бейтап» диалогун өз алдынча жана ишенимдүү жүргүзө алышат;
- негизги медициналык клишелерди, суроолорду жана дарыгердин буйруктарын түшүнүп, колдонушат;

Сканировано с CamScanner

- диагнозду, текшерүүлөрдү жана сунуштарды жөнөкөй, так жана түшүнүктүү тилде структураланып түшүндүрө алышат;
- сүйлөөсүн бейтаптын өзгөчөлүгүнө ылайыкташтыра алышат (бала, карыя, кош бойлуу аял, чет өлкөлүк бейтап).

**Лингвистикалык натыйжалар:**

- медициналык темада A1 деңгээлиндеги туруктуу сөздүк минимумду өздөштүрүшөт;
- симптомдорду, ооруну, абалды жана текшерүү жыйынтыктарын сүрөттөө көндүмдөрүн ишенимдүү калыптандырышат;
- анамнез чогултууда туура грамматикалык түзүлүштөрдү колдонушат;
- медициналык контексттеги оозеки сүйлөөнү түшүнүү көндүмдөрүн өркүндөтүшөт.

**Кесиптик натыйжалар:**

- бейтапты кабыл алуунун негизги структурасын билүү:

  - ✓ саламдашуу;
  - ✓ даттануулар;
  - ✓ анамнез;
  - ✓ кароо (оозеки);
  - ✓ диагностика;
  - ✓ диагнозду түшүндүрүү;
  - ✓ сунуштар;

- клиникалык мини-кейстер менен иштей алышат, чечим кабыл алуу жана аракет планын түзө алышат;
- шашылыш абалдардагы байланыш алгоритмдерин билишет (эс-учун жоготуу, астма, аллергия);

**Социалдык жана коммуникативдик натыйжалар:**

- бейтап менен иштөөдө эмпатияны, сылыктыкты жана урмат-сыйды өнүктүрүшөт;
- оозеки сүйлөөгө жана коомдук чыгыштарга ишенимдүү боло алышат;
- медициналык чөйрөдө маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен байланыш көндүмдөрүн калыптандырышат.

## Максаттуу аудитория

Медициналык университеттин чет өлкөлүк студенттери кыргыз тилинде **A1** деңгээлинде билгендер.

## Убакыт жана өткөрүү формасы:

- Ишке ашыруу мөөнөтү: 1,2 семестр
- Сабактардын жыштыгы: айына 2 жолу
- Жалпы сабактардын саны: 28
- Иш жүргүзүү формасы: ийрим (сынактан тышкаркы)
- Жооптуулар: Кыргыз тил окутуучулары

Сканировано с CamScanner

**Иш формалары жана ыкмалары:**

- Ролдук оюндар «дарыгер - бейтап»;
- Клиникалык кырдаалдарды моделдөө;
- Диалогдук практика;
- Кейстер менен иштөө;
- Жуп менен жана топ менен иштөө;
- Коммуникативдик тренингдер;
- Типтүү сүйлөмдөр, каталарды талдоо.

**Документ менен камсыздоо**

- Сүйлөшүү клубунун иш-планы;
- Сааттык план-проекттер;
- Лексикалык материалдар;
- Клубдун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктык отчеттору.

**«Кыргыз тилинде сүйлөшүү» клубунун**
**2025-2026- окуу жылы үчүн**
**ПЛАНЫ**

| № | Темасы | Мөөнөтү | Сааты | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кептик этикеттер. Дарыгер менен бейтаптын коммуникативдик формулалары | декабрь | 4 | Маматова А.Б. Жолдошева А.К. |
| 2 | Медициналык кабинет: жабдуулар жана дарыгердин көрсөтмөлөрү<br>Бейтаптын негизги белгилери жана даттануулары. | январь | 4 | Кенжебаева А.Б. Джеенбаева К.А. |
| 3 | Ички оргаңдардын оорулары аталыштары, белгилери. Бейтапты текшерүү: жалпы абалы. | февраль | 4 | Исаева М.А. Орунбаева Г.Ж. |
| 4 | Инфекциялык оорулар, аталыштары, белгилери. Бейтапты текшерүү: жалпы абалы. | март | 4 | Жолдошева А.К. Орунбаева Г.Ж. |
| 5 | Лабораториялык анализдер: көрсөтмөлөр жана бейтапка түшүндүрүү. | апрель | 4 | Джеенбаева К.А. Кенжебаева А.Б. |
| 6 | Кабыл алуу бөлүмүндө, кабыл алуу.<br>Кырсык абалдар: көз жумуу, анафилаксия, астма.<br>Биринчи жардам: байланыш алгоритмдери.<br>Бейтапты ташуу: коммуникация. | май | 4 | Орунбаева Г.Ж. Маматова А.Б. |
| 7 | Стационардан чыгаруу: сунуштар, дары-дармектер. Дарылоо планын түшүндүрүү.<br>Жыйынтыктык аттестация жана коммуникациялык экзамен. | июнь | 4 | Кенжебаева А.Б. Исаева М.А. |

Сканировано с CamScanner

**Сүйлөшүү клубуна катышкан студенттердин тизмеси:**

1. Arulkumar Nithish Инл-3-25(GM 1)
2. Narasimman Thenmozhi Инл-3-25(GM 1)
3. Narayanasamy Nandhini Инл-3-25(GM 1)
4. Ramu Dharshini Инл-3-25(GM 1)
5. Ahamed Ariff Vasin Afsana Инл-8-25(GM 1)
6. Anbalagan Yuvaraj Kannan Инл-8-25(GM 1)
7. Murugaiyan Mithun Siddharth Инл-8-25(GM 1)
8. Radha Krishnan Tamilan Инл-8-25(GM 1)
9. David Blessing Инл-13-25(GM 1)
10. Rajkumar Bhavanthi Инл-13-25(GM 1)
11. Chandirababu Hemangkavi Инл-18-25(GM 1)
12. Aasif Aftab Инл-23-25(GM 1)
13. Bhati Sahal Инл-28-25(GM 1)
14. Yadav Khushi Инл-28-25(GM 1)
15. Adsul Samruddhi Prakash Инл-32-25(GM 1)

Сканировано с CamScanner